Дисциплиналар боюнча СӨАИлердин тапшырмалары да студенттердин ОНларына жетишүүсүнө багытталып түзүлгөн. Бул предметтер боюнча аткарылган СӨАИлердин мазмунунан байкалып турат. Андан сырткары интервью учурунда да студенттер ар бир предмет боюнча берилген кошумча тапшырмалардын мазмуну, анын аткарылыш жолдору, билимди баалоонун системасы тууралуу далилдүү айтып беришти. Студентке багыттап окутуу студенттер 1-курска кабыл алынган тартып университеттин академиялык саясаты, академиялык чынчылдык, баалоо каражаттарынын системасы, дисциплиналардын максат, мазмуну тууралуу куратордук сабактарда, ага кошумча ар бир курстун башында окутуучулар тарабынан жеткиликтүү маалымат бериле тургандыгын студенттер тастыкташты. Студенттердин чыгармачылыгын колдоо максатында, ошондой эле студенттердин өзүн өнүктүрүүгө, заманбап билимдерге ээ болууга багытталган “Дүбүрт”, “Жаш тилчи”, “Усулчу” ийримдери иштейт.

НББПнын ОНдерине жетишүүдө педпрактикалардын да ролу чоң. ББПсынын педагогикалык практикаларынын жыйынтыгы анализденип, мониторинг жүргүзүлүп турат. Практика өтөп келген студенттердин сунуштарынын, мектеп усулчуларынын жана ОПКнын сунуштарнын негизинде тиешелүү иш-чаралар кабыл алынып, окуу программасынын мазмунуна өзгөртүүлө киргизилип турат. Алсак, педпрактиканын жыйынтыгы менен КАОМ дисциплинасы 6-семестрден 5-семестрге жылдырылган, ЖРТ тапшырмалары менен иштөө жана КТА боюнча предметтик стандарттар дисциплиналарынын кредити көбөйгөн, Манас таанууну окутуу методикасы дисциплинасы тандоо курстарынан ЖОЖкомпонентке киргизилген.

Студент-практиканттардын натыйжалуу иш алып баруусу үчун да тиешелүү иш-чаралар жүргүзулуп турат. Мисалы, факультеттин студенти Мамадиярова Мээрим “Практиканттын мыкты сабагы” конкурсуна катышып, 2-орунду ээлеп, 10 000 сом акчалай сыйлык менен сыйланган.

Университетте жогорку кесиптик билим берүүгө абитуриенттерди кабыл алуунун жол-жобосу иштелип чыккан жана алар вебсайтка жайгаштырылган. Бул жобо КРдин «Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, КРдин Өкмөтүнүн 2012-жылдын 19-июнундагы № 429 токтомуна, КРдин Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-майындагы № 256 токтому менен бекитилген “Жогорку окуу жайларына кабыл алуу эрежелерине” жана башка укуктук нормативдүү актыларга ылайык иштелип чыккан. Акыркы 4 жылда кабыл алынган абитуриенттердин орточо ЖРТ баллы салыштырмалуу өскөндүгүн байкоого болот. Негизги тесттин жыйынтыгын алганда, 2020-2021-окуу жылында орточо балл 148,5 болсо, 2023-2024-окуу жылында 156 баллдык абитуриенттер кабыл алынган. ББПна кабыл алынган студенттердин саны акыркы 5 жылда 150-200 студентке өскөндүгүн байкоого болот. Сырттан жана күндүзгү окуу формасындагы студенттердин ОНларына жетишүүсү, сапаттык көрсөткүчү пайыздык катышта дээрлик бирдей экендиги (сапаты 85-90%) өздүк отчтетто белгиленген.

Дисциплиналардын ОНдерине жетишүү үчүн лекциялык, семинардык, лабораториялык сабактарда көбүнчө проблемалуу окутуу, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, илгерилетилген лекция, көрсөтмөлүү, интерактивдүү лекция, кайчылаш дискуссия, ББкБ стратегиясы, эки бөлүктүү күндөлүк, чаташкан логикалык чынжырлар, концептуалдуу таблица, аргументтештирилген эссе, ж.б. методдор колдонулат.

Ошону менен катар кесиптик чөйрөдөгү ишкердик, КТА сабактарын интеграциялап окутуу ж.б. сабактарынын мазмунунда СӨАИнин мазмунун, кошумча тапшырмаларды долбоордук иштерди аткаруу тапшырмалары менен кошумчалоо, толуктоо зарыл. Студенттер предметтин мазмунунан сырткары өз алдынча өзүн-өзү өнүктүрүү максатында долбоорлорду иштеп чыгуу, аны ишке ашыруунун аракеттерин өздөштүрүүсү зарыл.

Дистанттык бөлүмдө 225 студент билим алат. Алар окутуу натыйжаларына жетишүү үчүн АВН-маалымат порталынан, видеосабактардан, электрондук китепкананын кызматынан пайдалана алышат. Окутуу натыйжаларына жетишүүсү аралык текшерүү жана экзамен аркылуу TESTAPP программасы менен тапшырышат.

ББПда студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу да жакшы жолго коюлган. Алсак, доц.У. Камардинованын жетекчилигинде 2 студент (Садык кызы Мадина КЛ(б)-1-21, Эшбай кызы Феруза, КЛ(б)-1-21) илимий макалалары менен Ташкент шаарындагы “Жаш филолог” илимий конференциясына катышып келишсе, Эгемназаров Исхак (КЛ-3-20) бир нече макалалары менен студенттик илимий конференцияларга катышкан. студенттердин илимий макалалары “ОшМУнун Жарчысы” илимий журналына атайын чыгарылыш менен акысыз жарыяланган.

НББПнын ОНдерине жетишүүдө 2-4-урстар үчүн 2023-2024-окуу жылына карата элективдүү курстардын каталогу иштелип чыккан, бекитилген. Элективдүү курстардын мазмунуна КТА окутуунун технологияларына, тил илими, адабият таануу илимине тиешелүү Онге жеитүүгө өбөлгө болуучу предметтер киргизилген. Мисалы, 2-курс үчүн 6, 3-курска 9, 4-курстка 12 дисциплина тандоого киргизилген. Анын ичинен предметтерди тандап алууда студенттерге академиялык эркиндик берилген. Жыйынтыгында элективдүү курстардын каталогунан 2-курс 2 дисциплинаны, 3-курс 3, 4-курс 6 дисципдинаны тандап окушкан. Магистратура бөлүмүндө 1-курс үчун 9, 2-курс үчүн 9 элективдуу курстардын базасы тандоого сунушталган. Тандоонун жыйынтыгында 1-курстар Дүйнөлүк адабият дисциплинасын (1 курс), 2-курстар Азыркы кыргыз адабиятынын өнүгүү тенденциялары, Азыркы кыргыз адабияты, Мектепте жазуу жумуштарын жүргүзүү методикасы, Илимий долбоорлордун менеджменти курстарын (4 курс) тандап окушкан.

НББПда студенттердин ички жана тышкы мобилдүүлүгү мурдагыга салыштырмалуу бир топ жакшы жолго коюлгандыын байкоого болот. Мурдагы көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыгы менен сырткы мобилдүүлүктү ишке ашыруу үчүн түрк тилдүү чет элдик окуу жайлар менен кызматташуу сунушу берилген болчу. Азыркы учурда аталган сунуш эске алынып, Түркиянын Сивас Джумхуриет университети, Мирзо Улукбек атындагы Өзбекстан улуттук университети менен студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүктөрү ишке ашырылган. Мисалы, 4-курстун студенттери Абдижапар у. Сыймык Бекешова Асел Гапырова Элзаттар Түркиянын Сивас Джумхуриет университетинде билим алып келишсе, 2-курстун студенттери Нурланбек кызы Айдана, Дыйканбай к. Мырзагүлдөр Мирзо Улукбек атындагы Өзбекстан улуттук университетинде окуп келишкен. Андан сырткары 4-курстан Балтабаева Аваскан, Бактыбек кызы Айзат, Маматова Дилфузахон, Токторали кызы Бермет К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университетине, 2-курстан Сатвалдиева Айназик, Нуртала к.

Бурулсун К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине барып мобилдүүлүктүн алкагында билим алып келишкен. Ошондой эле, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинен 4 студент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинен 4 студент, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинен 2 студент ББПна келип билим алып кетишкен.

Магистратура бөлүмүндө да 2024-жылы Өзбекстандын Андижан мамлекеттик университетине 1-курстун магистранттары Осмонова Айчүрөк, Валиева Угилай, Нишонова Бахтихондор академиялык мобилдүүлүккө жөнөтүлгөн. Бирок, ББПнын магистратура баскычында магистрлердин ички жана сырткы мобилдүүлүгүн күчөтүү зарыл экендиги байкалады. Муну ББПна катышкан ПОК магистранттардын көпчүлүгү турмуш шартына, үй-бүлөлүк абалына, жумушуна байланыштуу дайым эле башка же чет өлкөлүк окуу жайларына мобилдүүлүк программасына бара албай тургандыгын белгилешти.

Студенттердин суроо-талаптарынын негизинде жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн ишке ашыруу максатында да башка окуу жайлардан окутуучулар чакырылып, конок лекциялар уюштурулган. Алсак, профессор Т.Маразыков (КУУ), доцент А.Токтомаметов (КББА), профессор И.Абдувалиев, доцент З.Аманбаева (КУУ) студенттер үчүн тил илиминие багытталган лекцияларды окуп кетишкен. Ошондой эле чет өлкөлүк окуу жайлардан Андижан мамлекеттик университетинен профессор С.Р.Мирзаева, PhD докторант М.А.Сатыбалдиев жана Фергана мамлекеттик университетинен филол.и.д. Машрапова Гулсанам, Экономика жана педагогика университетинин улук окутуучусу Тиллабаева Феруза ОшМУнун достук кызматташтыкты чыңдоо максатында жолугушуу өткөрүшкөн. Андижан мамлекеттик университети менен кызматташтык келишимине кол коюлган. Анын жыйынтыгы катарында факультетте “Өзбек тили жана маданияты” борбору ачылып, иштеп жатат.

Магистратура бөлүмүндө Анжиян мамлекеттик университетинен Темирова М. А. Phd, доцент, В.Л.Кляус ф.и.д., проф. (ИМЛИ РАН), Акматалиев А. ф.и.д., академик (КРУИА), С.Көчөрбаев ф.и.к., доцент (Бейшеналиева ат. КМУК), К.Кулалиева ф.и.к., доцент (“Манас” кыргыз-түрк унив.) конок лекциялары уюштурулган. Ошондой эле ББПсынын ПОКу да (Жамгырчиева Г.Т. Мурзакметов А.К., Турганбаев Н.О, Камардинова У.Н.ж.б.) А. Навои атындагы Ташкент мамлекеттик университети, Андижан мамлекеттик университетинде, Астана ш-гы Л.Н.Гумилев ат. Евразиялык Университетинде ж.б. ЖОЖдордо конок лекциялрды окуп келишкен.

***Преимущества для уровня бакалавриат***

1. *НББПнын мазмуну, Окуу пландары ички жана сырткы стейкхолдерлердин суроо-талаптарын толук камтуу менен бир нече ирет каралып, толукталып турат.*
2. *ОНларына жетүүдө окуу планындагы дисциплиналардын логикалык ырааттуулугу, студенттердин өз алдынча иштеринин тапшырмаларынын мазмуну, элективдүү курстардын каталогу толугу менен өбөлгө боло алат.*
3. *ФББбагыты болгондуктан КТА окутуунун методдору менен технологияларына багытталган дисциплиналардын киргизилиши.*
4. *Сырткы мобилдүүлүктүн алкагында жакынкы түрк тилдүү өлкөлөдүн ЖОЖдору менен кызматташуунун жолго коюлушу.*
5. *Студенттердин контингентинин жылдан-жылга өсүүсү.*
6. *Окуу программаларында жана силлабустарда окутуунун эффективдүү ыкаларынын камтылышы*

***Преимущества для уровня магистратура***

1. *ФББ багытынын мазмунун камтыган тандоо курстарынын киргизилиши.*
2. *Магистранттардын илимий изилдөөлөрүнө колдоо иретинде атайын конференциялардын уюштурулушу*
3. *Илимий макала жазуунун ыкмалары, жолдорун үйрөтүүчү дисциплинанын киргизилиши.*
4. *Сырткы мобилдүүлүктүн жолго коюлушу*

***Рекомендации для уровня бакалавриат***

1. *Даярдоонун багыты жана окуу планына киргизилген предеттердин мазмуну талап кылгандай, КТА окутуунун усулу менен технологияларына арналган бүтүрүүчүнүн квалификациялык иштеринин аткарылышын жолго коюу керек.*
2. *Университеттин стратегиялык планына жана окуу планындагы Кесиптик ишкердик, жашыл экономика, кесиптик чөйрөдөгү ишкердик ж.б. предметтердин жыйынтыгы катарында студенттердин долбоорлорду иштеп чыгуусуна, стартаптарга катышуусун жолго коюу.*
3. *Интервью учурундагы сырткы кызыкдар тараптардын сунушу менен алыскы региондордогу мектептерге да студенттерди практикага жиберүү, алыскы мектептер менен тыгыз иштешүү зарыл.*
4. *Студенттердин сунушу менен (интервью учурунда) белгилүү окумуштуулар, коомдук ишмерлер менен жолугушууларды, конок лекцияларды көбүрөөк уюштуруу*

***Рекомендации для уровня магистратура***

- *Магистратурага кабыл алууда даярдоо багытынын кесиптик өзгөчөлүгүн эске алуу менен Университет тарабынан бекитилген кабыл алуу эрежелерине кошумча же андан сырткары жазуу жана сүйлөө тапшырмаларын киргизүү зарыл*
- *Магистранттардын билимдерин, тил билүү деңгээлдерин диагностикалоо жана теңдөө механизмдерин иштеп чыгуу*
- *Окуу планындагы бакалавр баскычындагы дисциплиналардын мазмунун кайталаган дисциплиналардын мазмунун карап чыгуу*

***Решение комиссии для уровня бакалавриат по Стандарту 4 – Көбүнчөсү дал келет***

***Решение комиссии для уровня магистратура по Стандарту 4 – Көбүнчөсү дал келет***

## *Стандарт 5. Профессорско-преподавательский состав*

***Определение стандарта***

*В соответствии с данным стандартом в рамках ОП должна быть уверенность в компетентности своих преподавателей. ОП должна применять справедливые и прозрачные процессы при найме и развитии профессионального роста своих сотрудников.*

*Профессорско-преподавательский состав (ППС) должен быть представлен специалистами во всех областях знаний, охватываемых образовательной программой.*

| |
|---|
| *ППС должен иметь соответствующее базовое образование и систематически повышать свою квалификацию путем получения дополнительного образования, стажировок и т.п.*<br>*Важным фактором является наличие у ППС опыта работы в соответствующей отрасли и выполнение исследовательских проектов.*<br>*ППС должен быть вовлечен в совершенствование образовательной программы в целом и ее отдельных дисциплин.*<br>*Важным фактором является участие преподавателей в профессиональных обществах, получение ими стипендий и грантов.*<br>*Преподаватели должны активно участвовать в выполнении научно-исследовательских, конструкторских и научно-методических работ, что должно быть подтверждено отчетами о научно-исследовательских и научно-методических работах, участием в научных конференциях, а также наличием научных публикаций.*<br>*Каждый преподаватель должен знать и уметь доказать место своей дисциплины в учебном плане, ее взаимосвязь с предшествующими и последующими дисциплинами, и понимать роль дисциплины в обеспечении результатов обучения при формировании специалиста.*<br>*На ОП для ППС созданы благоприятные условия для творческого, личностного и профессионального роста.* |
| ***Руководство к стандарту***<br>*Роль преподавателя является главной в высококачественном обучении и приобретении студентами знаний, компетенций и навыков. Разнообразие студенческого контингента и повышенное внимание к результатам обучения требуют студентоцентрированного обучения и преподавания, при которых роль преподавателя также меняется.*<br>*Высшие учебные заведения несут главную ответственность за профессионализм своих сотрудников и предоставление благоприятных условий для их эффективной работы. Такая среда:*<br>● *устанавливает понятный, прозрачный и справедливый процесс найма сотрудников и обеспечивает условия занятости, которые признают важность преподавательской деятельности;*<br>● *предлагает возможности и способствует профессиональному развитию профессорско-педагогического состава;*<br>● *поощряет научную деятельность по укреплению связи между обучением и научными исследованиями;*<br>● *способствует внедрению инноваций в методы преподавания и использованию новых технологий в процессе обучения.* |

***Общая оценка***

НББПсын аткарууга катышкан профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү талапка жооп берет. Бакалавр баскычында негизги штатта 24 окутуучу эмгектенет. Алардын ичинен 2 илимдин доктору, 11 илимдин кандидаты, 5 магистр, 3 улук окутуучу, 3 окутуучу. Сапаттык көрсөткүч 54%, сырттан тартылган 34 окутуучунун сапаттык көрсоткүчу 41% түзөт.

Магистратура баскычында ББпсына жалпы 19 окутуучу тартылган, сапаттык көрсөткүчү 84,6% түзөт.

ББПсында сабак берген ОПКнын илимий изилдөө багыты өзу окуткан дисциплиналардын мазмунуна дал келет. ОПКнын басымдуу бөлүгүнүн илимий эмгектери, монографиялары, окуу-усулдук колдонмолору окуу дисуиплиналарынын негизги адабияттарынын тизмесине киргизилгендигин окуу силлабустарынан таанышууга болот. Алсак, проф.С. Момуналиевдин, доц.У.Камардинованын, Ж. Элчиевдин ж.б. илимий эмгектерин негизги адабияттардын тизмесинен көрүүгө болот. Ошондой эле магистратурада лекция окууга адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес практикалык иш стажы бар доценттер, улук окутуучулар же тажрыйбалуу адистерге гана уруксат берүү жагы каралган.

ПОКту ББПна тандоо ОшМУнун ички эмгек тартип эрежелерине жана “Ички кадрлар резервин түзүүнүн тартиби жөнүндө” жободо көрсөтүлгөн талаптардын негизинде жүргүзүлөт. Окутуучуларды ички резервге тандоо үчүн конкурс төмөнкү этаптарды камтыйт:

· окутуучунун базалык билимдерин, иш тажрыйбасын тастыктаган документтери атайын комиссия тарабынан каралат;

· окутуучунун теориялык компетенттүүлүгүн аныктоочу компьютердик тестирлөө анын адистигин, предметин билүү денгээлин, педагогиканы, психологияны билүү деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат жана ОшМУнун көз карандысыз тестирлөө борборунда өткөрүлөт.

· окутуучу атайын түзүлгөн комиссияга өз предмети боюнча сабак өтүп берүүгө тийиш (ОшМУнун видео байкоо орнотулган аудиторияларында сабак өтүп, комиссияга DVD диск түрүндө тапшырууга уруксат берилет).

· аңгемелешүү. Буга окутуучулук жөндөмүнө практика жүзүндө баа берүүдө 50 пайыздан төмөн эмес деңгээлде баа алган талапкерлер киргизилет. Аңгемелешүү окуу проректору тарабынан жүргүзүлөт.

ЖОЖду, магистратураны, аспирантураны жаңыдан бүткөн талапкерлер конкурстун бул этабына катышпастан ички резервге ассистент катары бир жылдык сыноо мөөнөтүнө убактылуу кире алышат. Ички резервдеги окутуучулар тандоодон өтсо, кафедра башчылары окуу жүктөмдөрүн бөлүп берүүгө милдеттүү болот.

“ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө” жободо көрсотүлгөн талаптар боюнча ОПКнын квалификациясын жогорулатып туруусу, анын натыйжаларын окуу процессинде колдоно алуусу, илимий изилдөө иштеринин натыйжалары, илимий-усулдук басылмаларынын мазмуну жана саны, сапаты боюнча ички рейтинг чыгарылып, мониторинг жүргузулуп турат. Ошондой эле квалификациясын жогорулаткандан кийин, анын натыйжаларын ББПдагы ишмердигинде колдоно алуусу, алардын окутуу натыйжаларын калыптандырууга багытталышы кафедраларда, методикалык кеңеште өз ара сабактарга катышууну, ачык сабактардын жүрүшүн талкуулоодо бааланат. Окутуучулар ваканттык кызмат орундарына шайлоодо, сыйлыктарга көрсөтүлгөндө студенттерди илимий изилдөө иштерине тарта алышы, илимий изилдөө иштерин окуу процессине киргизе алуусу эске алынат. Ошондой эле “Жылдын мыкты лектору”, “Жылдын мыкты окутуучусу” конкурстары өткөрүлүп турат. Алсак, аралыктан билим берүү технологияларын окутуу процессинде мыкты колдоно билгендиги үчүн окутуучу Ж.Тажибаева I даражадагы диплом менен сыйланган.

Окутуучулар “ОшМУ жарчысы” илимий журналына макалаларын акысыз жарыялай алышат. Акыркы 3 жылда профессордук-окутуучулук курам тарабынан ББПга байланыштуу 9 окуу куралы, жалпы 130дан ашуун илимий макалалар жарыяланган.

НББПга тартылган окутуучулар ишмердүүлүгүнө байланыштуу квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүп турушат жана бул боюнча ар бир кафедранын жеке иш-планы түзулгөн. Мисалы, ББПнын окутуучулары "Электрондук билим берүү технологиясын ишке ашыруу-нун заманбап каражаттары", "Аралыктан окутуунун модел-дери жана Moodle ачык билим берүү платформасын сырттан, дистанттык билим берүүдө пайдалануу", "Кредиттик системада окутуучу менен студенттин өз ара мамилесин уюштуруу", "Күн сайын жана чыгармачыл жазуу", ""Манас" эпосун окутууда заманбап санариптик усулдарды колдонуу" ж.б. аталышындагы семинар-тренингдерге катышкан. Аталган семинарлардын тематикасы жана мазмуну НББПнын ОНдарына жетишүүгө өбөлгө боло алат. бул семинарлардын көпчүлүгу университеттин квалификацияны жогорулатуу болүмү тарабынан уюштурулган.

ОПК эл аралык, республикалык илимий, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, съезддерге катышып илимий тажрыйбалары менен бөлүшүп турушат. Доцент А.Мурзакметов Россияда, Азербайжанда, Казакстанда, Түркияда өткөн илимий конференцияларга катышып келген. Улук окутуучу А.Маматова 2022-жылы Казакстан Республикасынын Астана шаарында өткөн КМШ мамлекеттеринин билим берүү кызматкерлеринин VII съездине катышкан

Окутуучулардын мобилдүүлүгү программасынын алкагында доцент Н.ТурганбаевТүркияга жана Өзбекстанга, Ташкент шаарындагы А.Навои атындагы өзбек тили жана адабияты университетине, доцент Г.Кожоева, окутуучу Ж.Тажибаевалар жана Фергана мамлекеттик университетине барып, тажрыйба алмашуу менен бирге лекцияларды окуп келишкен.

Эл аралык, республикалык деңгээлдеги долбоорлорго катышуу аркылуу тажрыйба алмашууларды ишке ашырып келишет. Мисалы, профессор Г.Жамгырчиева Кыргызстандагы 6 жогорку окуу жайы жана КРдин УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту менен биргеликте «Кенже эпостордун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү» деген темадагы долбоорго «Кожожаш» эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү» деген бөлүмдү ишке ашырууга катышкан. ФББТ кафедрасынын улук окутуучулары А.Маматова, Ж.Камчыевалар, окутуучу Н.Заирова USAIDдин "Окуу керемет!" долбооруна катышышып, окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында мастер-тренер, улуттук тренер катары иш алып барышат. Магистратура бөлүмүндө доцент А.Мурзакметовдун илимий долбоорлордун менеджменти деген сабагынын натыйжасы катарында факультеттин короосуна "Кыргыз боз үйү" архитектуралык курулушунун долбоору жактырылып, аны куруу жагы сунушталган. Бирок, ББПнын ОПКсы тарабынан жеке демилге менен иштелип чыгып, ишке ашырылуучу долбоорлорду аткарууну жолго коюу керек. Буга ОПКнын деңгээли, дарамети толугу менен жетет. Ошондуктан бир топ окутуучулардын башка уюмдар тарабынан иштелип чыккан долбоорлорго катышып, тажрыйба жайылтып жаткандыгын байкоого болот. Жеке тажрыйбаларынын жыйындысы катарында жана Университеттин стратегиялык планына ылайык ББпсында өз алдынча илимий долбоорлорду ишке ашыруунун колго алуу зарыл.

"ОшМУнун академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана кошумча сыйлык акы төлөө жобосунун" негизинде окутуучулардын академиялык ишмердүүлүгүн баалоо жана шыктандыруу маселесин колго алынып, 2023-жылдан бери илимдин кандидаттары үчүн 50 000 сом, илимдин докторлору үчүн 100 000 сом өлчөмүндө бир жолку сый акы берилип келет. Скопус базасында индекстелген журналдарга чыккан макалалар үчүн 15 000 сомдон 75 000 сомго чейинки өлчөмдө бир жолку акчалай сыйлык берилет. Андан сырткары ОПКнын илимий иш сапарларынын чыгымдары, иилимий эмгектери үчүн сый акылары төлөнүп берилет.

ОПКнын ден соолугуна кам көрүү, маданий эстетикалык эс алуулары да максатка ылайык уюштурулуп турат. Окутуучулар университеттин "Үмүт" пансионатында эс алуусуна, ОшМУнун медициналык клиникасынын кызматтарынан пайдалануусуна желдиктер каралган. Ошондой эле ОПКнын ортосунда ар кандай спорттук, маданий иш чаралар жүргүзулуп турары интервью учурунда тастыкталды.

***Преимущества для уровня бакалавриат***

1. *ББПга тартылган ОПКнын илимий дарамети талапка жооп берет*
2. *ОПКнын квалификациясын жогорулатуу жакшы жолго коюлган жана алар катышкан семинар, курс, тренингдердин темасы менен мазмуну ББПнын ОНдерине жетишүүгө шарт түзөт.*
3. *Ички резервге катышуу, окутуучуларды тандоо процесстери окутуучулардын сапатын аныктоодо жакшы өбөлгө болот, ички атаандаштыктын негизинде сапаттык көрсөткүч жогорулайт.*
4. *Окутуучулардын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган ички рейтингдин чыгарылып туруусу, жана анын жыйынтыгына жараша эмгек акысына сый акылардын кошулуп туруусу.*

***Преимущества для уровня магистратура***

1. *ОПКнын илимий эмгектери, окуу-усулдук колдонмолору дисциплиналардын адабияттардын тизмесине киргизилген, демек ОПКнын изилдөө багыты менен окуткан предметинин мазмуну дал келет.*
2. *Магистратураны бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдүн да ички резервге жана тандоого катыша алуусу.*
3. *Окутуучулардын чет өлкөлөргө чыгуудагы ишсапар чыгымдарынын төлөнүп берилүүсү*
4. *ОПК үчүн маданий, спорттук иш чаралардын уюштурулуп туруусу жана медициналык клиникадан, пансионаттан женилдиктер менен пайдалана алуусу.*

***Рекомендации для уровня бакалавриат***

1. *Окутуучулардын студенттер менен биргеликте илимий, ишкердик долбоорлорду ишке ашыруусу, стартаптарга тартуусу колго алынышы керек. Себеби, ББПсынын окутуучуларынын жеке автордук долбоорлорду жазуусу, ишке ашыруусу жакшы жолго коюлган эмес.*
2. *ОПКнын ички жана сырткы мобилдүүлүгүн дагы күчөтүү зарыл.*
3. *Квалификациялык иштердин темаларынын катарында окутуунун усулдары жана технологияларына арналган илимий темаларды көбүрөөк сунуштоо.*

***Рекомендации для уровня магистратура***

1. *ББПсынын мазмунун камтыган илимий долбоорлорду ишке ашыруу*
2. *"ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык ОПКнын ички рейтингин чыгарып туруу*
3. *ОПКнын сырткы жана ички мобилдүүлүгун күчөтүү*

***Решение комиссии для уровня бакалавриат по Стандарту 5 – Көбүнчөсү дал келет***

***Решение комиссии для уровня магистратура по Стандарту 5 – Толугу менен дал келет.***

## *Стандарт 6. Инфраструктура, ресурсы и поддержка студентов*

| **Определение стандарта** |
|---|
| *В соответствии с данным стандартом ОО/ОП должна иметь достаточное финансирование для обучения и преподавательской деятельности, обеспечивать предоставление адекватных и легкодоступных учебных ресурсов, и способов поддержки магистрантов.*<br>*На ОП материально-техническое обеспечение должно постоянно обновляться, совершенствоваться и расширяться.*<br>*Аудитории, лаборатории и их оснащение должны быть современны и адекватны целям и результатам обучения образовательной программы. Инфраструктура, сервисы и образовательные ресурсы должны соответствовать требованиям и нуждам стейкхолдеров. Магистранты должны иметь достаточные возможности для самостоятельной учебной и исследовательской работы.*<br>*Образовательная программа (ОО/подразделение) должна иметь библиотеку, содержащую необходимые для обучения материалы: учебную, техническую и справочную литературу, различные периодические издания и т.п.*<br>*В пользовании магистрантов и преподавателей должны находиться компьютерные классы и терминалы с доступом к информационным ресурсам (локальная сеть, Интернет).*<br>*Должна быть создана комфортная образовательная среда для развития навыков самообучения и самостоятельного профессионального и личностного развития магистранта.*<br>*Должен быть разработан и задействован механизм для учета ожиданий магистрантов и ППС при планировании улучшения инфраструктуры.*<br>*Руководство ОО и ОП своевременно реагирует и удовлетворяет потребности магистрантов и ППС в части улучшения инфраструктуры и оказания академической и другой поддержки для достижения РО. ОО должна контролировать доступность и использование этих ресурсов.*<br>*На уровне ОП проводится оценка служб сервиса ОО для магистрантов и ППС.* |
| **Руководство к стандарту** |
| *С целью обеспечения эффективного обучения, ОО/ОП должны предоставить обучающимся ряд необходимых учебных ресурсов для поддержки и помощи в учебном процессе. Такие ресурсы могут быть как материальными, такими как библиотеки, оборудование для обучения, информационно-технологическая инфраструктура; так и человеческими в виде наставников, кураторов и других консультантов.*<br>*При распределении, планировании, предоставлении учебных ресурсов и поддержке магистрантов, а также при переходе к студентоцентрированному образованию и гибким моделям обучения и преподавания должны учитываться потребности разнообразного контингента магистрантов (например, работающих, взрослых, обучающихся неполный день, иностранных обучающихся, а также обучающихся с ограниченными возможностями).* |

*Мероприятия и условия по поддержке магистрантов могут быть организованы в различных формах в зависимости от институционального контекста. Тем не менее внутренняя система обеспечения качества гарантирует, что все ресурсы соответствуют установленным целям и доступны, а магистранты информированы о доступных для них услугах.*

*При оказании услуг по поддержке магистрантов роль технического и административного персонала имеет решающее значение, и поэтому они должны быть квалифицированы и иметь возможности для повышения их компетенций.*

***Общая оценка***

**Филологиялык билим берүү (кырг. тили жана адабияты) бакалавриат.** Факультетте окуу кааналары студенттердин сандык катышына туура келет. ОН ишке ашыруу үчүн аудиториялык фонддо 4 лекциялык зал, 12 окуу аудиториясы, 2 компьютердик класс, 1 маданий-массалык иш-чаралар үчүн зал бар.

Текшерүү учурунда аталган факультетте "Япон маданияты", "Казак тили жана маданияты", "Өзбек тили жана маданияты" борборлору, "Кут ордо" каанасы, Ж.Шериев атындагы методикалык каана, "Манас таануу" жана "Мамлекеттик тилди үйрөнүү", профессор Т.Аширбаев атындагы кыргыз тили каанасы, көп тилдүүлүк боюнча ресурстук борбор, Т.Танаев атындагы кол жазмалар фонду, жана "Айтматов таануу", профессор К.Исаков атындагы "Таберик" кааналарында сабактар өтүлүп, иштеп жаткандыгы маалым болду. Аудиториялар интернет түйүндөрү менен туташтырылган жана аларды студенттердин пайдалануусуна мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Эксперттик комиссия факультетте болгон экскурсияда факультеттин китепканасында 250000ге жакын окуу-методикалык, илимий, көркөм, педагогикалык, психологиялык багыттагы адабияттар бар экендигине күбө болду. Ошондой эле окутуучулар жана студенттердин ОшМУнун электрондук библиотекасынан да пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

ПОКтун айтымы боюнча факультет студенттердин колдоосунда жана окутуунун ийкемдүү моделдерине өтүүдө студенттердин ар түрдүү контингентинин керектөөлөрүн эске алат. Башкача айтканда, контракттык негизде окуган студенттердин муктаждыктары эске алынып, 8 категориянын негизинде жеңилдиктер берилип турат. Ошондой эле студенттик профилакторияда НББПда билим алып жаткан студенттер арзандатылган төлөм менен ден соолугун чыңдай алышат.

ББУ/ББП жетекчилиги ички кызыктар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырган. Тактап айтканда, мурунку аккредиттелген баалоонун мөөнөтүнөн кийин бир канча аудиториялар жаңыланып, оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлүп, материалдык-техникалык база толукталган.

НББПда студенттерге академиялык кеңеш берүү системасы бар. Студенттер керектүү малыматтарды окуу жайдын жана факультеттин сайтынан, "Студенттерге", "ОшМУ студент" тиркемелеринен, "Нур", "Дидактика" газеталарынан "Үмүт" телеканалынан каалаган убагында алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ошондой эле студенттер электрондук "Ишеним кутучаларына жана окуу корпусунун 1-этажында орнотулган "Ишеним кутучасына" өз пикирлерин эркин билдире алышат. Студенттерге юридикалык жардам көрсөтүү үчүн студенттик акыйкатчы (омбудсмен) иштейт. Студенттик Жаштар кеңеши түрдүү багыттарда студенттер менен активдүү иш алып барып келет. Бул маалыматтар студенттер менен болгон интервью учурунда да тастыкталды.

Жыл сайын университеттин кызматтарынын ишин баалоо үчүн окутуучулардан, студенттерден сурамжылоолор алынып турат. Алынган сурамжылоолор талданып, анын

натыйжасында окуу жайдын короосуна жаңы ашкана курулган, эс алуу үчүн шарттар жакшыртылган (короодогу отургучтар жаңыланган, аңгемелешүү аянтчасы курулган).

Ал эми имараттын сыртында кичи футбол үчүн үстү ачык заманбап спорттук аянтча жана волейбол, баскетбол ойноого ылайык спорт аянтчалары жайгашкан. Ашканасында талаптарга ылайык кызматтар көрсөтөт.

**Филологиялык билим берүү (кырг. тили жана адабияты) магистратура.** Административдик-чарбалык бөлүм керектүү ресурстарга арыздарды кабыл алып, зарылдыгына жараша тийиштүү жабдыктар менен камсыздайт. Факультеттин материалдык-техникалык жана маалымат ресурстары талапка ылайык келет. Лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарга шарттар түзүлгөн.

Текшерүү учурунда факультетте бир топ методикалык кааналар, көп тилдүүлүк боюнча ресурстук борбор жана кол жазмалар фонду иштеп жатканы маалым болду. Кааналар интернет менен камсыз болгон. Көп тилдүүлүк боюнча ресурстук борбордо магистранттар окутуунун жаңы технологиялары менен таанышууга, аны пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышат.

Эксперттик комиссия факультетте болгон экскурсияда илимий-изилдөө жүргүзүүнү каалагандар үчүн шарт түзүп берүү максатында 123-каана илимий изилдөө багытында лабораториялык каана болуп, илимий эмгектер, адабияттар, көркөм тексттер коюлгандыгына күбө болдук. Мында магистранттардын өз алдынча окуусу жана изилденүүсү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөр каралган.

Ал эми китепканасында жетиштүү адабияттар бар. Магистранттар окуу процессинде өз алдынча иштердин түрлөрүн, илимий-изилдөө багытында баяндама, квалификациялык иштерди ж.б. аткарууда китепканадан пайдалана алышат. Ошондой эле окутуучулар жана студенттердин ОшМУнун электрондук библиотекасынан да пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул маалымат магистранттар менен болгон интервьюда тастыкталды.

ББП билим берүү ресурстарын бөлүштүрүүдө жана камсыз кылууда, магистранттарды колдоосунда жана окутуунун ийкемдүү моделдерине өтүүдө магистранттардын ар түрдүү контингентинин керектөөлөрүн эске алат. Окуу имаратында мүмкүнчүлүгү чектелгендер имаратка кирүү үчүн атайын жолчо (пандус) даярдалган. 116-аудитория компьютердик жабдыктар менен жабдылып, магистранттардын ӨАИлерин, илимий-изилдөө иштерин аткарууга, жазууга, интернет булактарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Магистранттардын мектептеги жумуш убактылары эске алынып, сабактар экинчи сменадагы регламент аркылуу окутулуулары маалым болду.

Бул менен бирге факультеттин инфраструктураны өркүндөтүүнү пландаштырууда студенттердин жана профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыккан жана колдонулган, натыйжада ББУ/ББП жетекчилиги өз убагында жооп берип, ички кызыктар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырган. Инфраструктураны жакшыртууну пландаштырууда магситрлердин жана окутуучулардын күтүүлөрү эске алынат.

Ошондой эле магистранттарга академиялык кеңеш берүү системасы иштейт. Филологиялык билим берүү багытындагы магистранттарга жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштерине тиешелүү илимий жетекчи алдын-ала дайындалуу менен бирге академиялык консультация берүү механизми иштелип чыккан.

Магистранттардын жетиштүү билим алуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, өз алдынча окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, кесиптик жана инсандык өнүгүү жаатында ар кандай колдоо көрсөтүү кызматтары бар. Маселен, окуу жылы ичинде магистранттар үчүн бир топ илимий-практикалык конференциялар, түрдүү семинарлар уюштурулуп турат.

Факультеттин окуу имаратынын 1-кабатында “Ишеним кутучасы” орнотулган. ОшМУнун сайтындагы “Ишеним кутучасына” да билдире алышат. Ага келип түшкөн магистранттардын пикирлерин, даттанууларын ОшМУнун тиешелүү структуралары менен бирге карап чыгат. Магистранттарды сурамжылоонун белгилүү пункттары да окуу жайдын кызматтарын баалоого байланышкан. Көбүнчө магистранттар элекрондук кызматтарга (AVN, ОшМУ студент тиркемеси) жогору баа беришкен.

***Преимущества для уровня бакалавриат***

1. *Студенттердин жетиштүү билим алуусу үчүн түрдүү шарттар бар.*
2. *Студенттер жана окутуучулар үчүн сайтка коюлган электрондук тиркемелер, электрондук маалымат алмашуу механизмдери окутуу натыйжаларына жетишүүгө жакшы шарт түзөт.*
3. *Адистиктин өзгөчөлүгүнө байланыштуу сабактан тышкаркы учурларда көркөм чыгармаларды окуп, талкуулоо жакшы жолго коюлган.*

***Преимущества для уровня магистратура***

1. *Магистранттарга кызмат көрсөтүүлөр, шарттар талапка ылайык түзүлгөн.*
2. *Магистранттар жана окутуучулар үчүн сайтка коюлган электрондук тиркемелер, электрондук маалымат алмашуу механизмдери окутуу натыйжаларына жетишүүгө жакшы шарт түзөт.*
3. *Факультеттин материалдык – техникалык базасы тийиштүү деңгээлде түзүлгөн жана алар ББПнын ОНдорун камсыздай алат.*

***Рекомендации для уровня бакалавриат***

1. *Факультеттеги окуу залы жоюлуп кеткен. Интервью учурунда окуу залын кайрадан калыбына келтирүүнү сунушташты. Бул маселени колго алып, студенттердин китептерди кеңири пайдаланып окуусуна шарт түзүү керек.*
2. *Студенттердин сунушун, кызыкчылыгын эске алуу менен ар бир кааналы интерактивдүү доскалар, панелдер менен камсыздоо*
3. *Студенттер үчүн ОшМУнун башка факультеттерине (корпустарына)жана башка университеттерге саякаттарды уюштуруп турууну колго алуу*

***Рекомендации для уровня магистратура***

1. *Магистранттардын сунуштарын канааттандыруу үчүн ар бир кааналы интерактивдүү доскалар жана панелдер менен жабдуу керек.*

***Решение комиссии для уровня бакалавриат по Стандарту 6 – Көбүнчөсү туура келет***

***Решение комиссии для уровня магистратура по Стандарту 6 – Көбүнчөсү туура келет***

***Стандарт 7. Управление, прозрачность и достоверность информации. Информирование общественности.***

| ***Определение стандарта*** |
|---|
| *ОО/ОП должны гарантировать, что они собирают, анализируют и используют соответствующую информацию для эффективного управления своими образовательными программами и другими направлениями своей деятельности.*<br>*В соответствии с данным стандартом при реализации программы должна действовать прозрачная система управления и обеспечиваться доступ ко всем необходимым документам и информации для всех стейкхолдеров.*<br>*При реализации образовательной программы соблюдаются принципы полного, систематического и достоверного информирования общественности.*<br>*ОП предоставляет и демонстрирует доказательства открытости и доступности руководства ОП для обучающихся, ППС и других стейкхолдеров.*<br>*На ОП действует политика по прозрачности принятия решений и механизмы объективного и своевременного информирования общественности и заинтересованных сторон. ОО/ОП должны публиковать информацию о своей деятельности, которая должна быть ясной, точной, объективной, актуальной и легкодоступной.* |
| ***Руководство к стандарту***<br>*Достоверная информация является необходимым условием для принятия решения и для того, чтобы знать, что работает эффективно, а что нуждается в улучшении. Эффективные регулярные систематические процессы сбора и анализа информации об образовательных программах и других видах деятельности вносят огромный вклад в работу внутренней системы гарантии качества.*<br>*Как информация собирается в некоторой степени зависит от типа и миссии организации образования. Однако важной является следующая информация, включающая ключевые показатели деятельности; сведения о контингенте обучающихся; уровень успеваемости, достижения магистрантов и их отчисление; удовлетворенность обучающихся выбранными программами; доступность образовательных ресурсов и служб поддержки обучающихся; карьерный рост выпускников.*<br>*Могут использоваться различные методы сбора информации. Важно, чтобы магистранты и сотрудники участвовали в сборе и анализе информации, а также в планировании последующих действий.*<br>*Информация о деятельности образовательных организаций полезна для потенциальных магистрантов, зачисленных магистрантов, выпускников, других заинтересованных сторон и общественности в целом.*<br>*В связи с этим образовательные организации должны предоставлять информацию о своей деятельности, включая предлагаемые программы и критерии приема по ним, ожидаемые результаты обучения по этим программам, присваиваемые квалификации, преподавание, обучение, процедуры оценки с указанием проходных баллов, возможности для обучения, предоставляемые магистрантам, а также информацию о трудоустройстве выпускников.* |

***Общая оценка***

**Филологиялык билим берүү (кырг. тили жана адабияты) бакалавриат.** НБППда СКС (сапатты камсыздоо системалары) ишине салым кошкон ар кандай иш-чаралар жөнүндө маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн натыйжалуу жана үзгүлтүксүз процесстер каралган. Студенттерге билим берүүдө жетекчилик өз ишмердүүлүгүн ачык-айкындуулук принцибинде ишке ашырып келет. Университеттин, андагы бардык структуралардын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар ОшМУнун сайтына топтолуп, 4 тилде жалпыга маалымдалып турат.

